# Биздин "алтын" Даша





Автор: Елена Молчанова

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Биздин "алтын" Даша

Автор: Елена Молчанова
Иллюстратор: Ильяз Абдыжапаров
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by-sa/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап жана толуктоолорду киргизсеңиз болот, бирок өзүңүздүн вариантты ушул же ушул сыяктуу лицензия боюнча гана тарката аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Наша "золотая" Даша*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution-ShareAlike 4.0 (https://creativecommons.org/licenses/by-sa/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY-SA 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Биздин "алтын" Даша" (кыргыз тилинде), автор Елена Молчанова, сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров,
Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган,
Сүрөттөр 6, 8, 12 б. © 2017 Athletics Federation of India. CC BY-SA 4.0. сайтынан алынган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Дарья Маслованы бүткүл Кыргызстанда көптөн бери эле "алтын кыз" дешет. Дарьянын жеңиштеринин урматына биздин өлкөбүздүн Гимни эл аралык ареналарда бир канча жолу жаңырган. Ал эң абройлуу спорттук мелдештердин байгелерине татыктуу болду.



Дарья Маслова – Кыргызстандын жеңил атлетика түрү боюна эл аралык класстагы спорт чебери, марафончу. Рио-де-Жанейродо өткөн Олимпиада оюндарынын катышуучусу, жеңил атлетика боюнча эл аралык мелдештердин көп жолку жеңүүчүсү.

Кичинекей кезинде аны балдар "юбка кийген бала" деп тамашалашар эле. Ал футбол жана чүкө ойногонду аябай жакшы көрчү.

Эч ким бул кызды алыс аралыкка чуркай турган жөө күлүк болот деп ойлобосо керек.



Даша 1995-жылы 6-майда Кыргызстандын Ысык-Көл облусунун Каракол шаарына жакын жердеги Пржевальск айылында туулган.

Мектепте окуп жүргөн кезинде эле Дарья чуркаганды жакшы көрүп, мектеп аралык бардык спорттук олимпиадаларга катышкан.




Мектепти бүтүп, Дарья Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясына тапшырат. Ушул жерден ал спорт жолундагы мыкты машыктыруучулары менен таанышат. Борисов Виктор Фёдорович жана Татьяна Фёдоровна келечектеги чемпиондун эң жакын адамдарына айланышкан.




Даша алгачкы рекордун 2014-жылы АКШда өткөн дүйнөлүк жаштар чемпионатында көрсөткөн. Ал 5000 метр аралыкка чуркоодо юниорлор арасында Кыргызстандын рекордун жаңылаган. Даша бул аралыкты болгону 16 мүнөт 07, 58 секундада чуркап өткөн.




Бардык спортчулардын кыялы жана максаты – Олимпиадалык оюндарга катышуу эмеспи. Дашанын тилеги 2016-жылы ишке ашты да, Рио-де-Жанейро шаарында өтүүчү Олимпиада оюндарына катышуу үчүн жөнөп кетти. Ал 10 000 метр аралыкты 31 мүнөт 36,9 секундада чуркап өттү.

Дарья бул жолу 19-орунга ээ болуп, Кыргызстандын рекордун дагы бир жолу жаңылады.



Достору жана жакындары Дарьяны "баатыр" деп аташат. Бул сөз анын мүнөзүнө куп жарашат.

Чемпион күн сайын эртең менен 13 километр аралыкка чуркайт. Ал аба-ырайына карабайт. Даша эч качан жалкоолонбой, машыгууларды калтырбайт. Ал бир эле күн машыкпай калса, мунун таасири оор болорун билет. Дарья баарынан да марага чуркап жетпей калуудан коркот.





2017-жылы Дарья Маслова өзүнүн байге куржунуна жеңил атлетика боюнча Азия чемпионатынын эки алтын медалын салып келди.

Аэропортто аны чыныгы баатырдай тосуп алышты. Кучак толо гүл тартуулап, зал жаңырта кол чапкан элдин кубанычында чек жок болчу. Алар плакаттарга "Даша, сен биздин алтыныбызсың!" деп жазып алышкан эле.



Кыргызстандык жөө күлүк кызды эми эч ким токтото албайт эле. Ал кайрадан тынымсыз машыга баштады. Ош облусунун Ноокат районунда күндүн ысыгына карабай чуркап, келерки мелдештерге катуу даярданды. Ошентип, Азия оюндарында дагы бир алтын жана күмүш медалды алып келди.

Дарья өзүнүн жеңишин сүйүктүү машыктыруучусу Виктор Борисовго арнады. Ушундан бир нече ай кийин эле ал Кытайда өткөн 42 195 метр аралыктагы марафондук мелдеште чуркады. Бул сапар ал коло медалынын ээси болду.



Ташкентте, Казакстанда өткөн жарым марафондо, жеңил атлетика боюнча Беларусиянын Кубогунда Дарья Маслова алтын медаль ээси болуп, Кыргызстандын сыймыгына айланды. Анын дагы бир жеңиши 2021-жылы Токио шаарында өтө турган Олимпиадалык оюндарга жолдомо алгандыгы болду.




Дарья – чыныгы мекенчил инсан. Ал АКШ жана Орусиянын атынан спорттук мелдештерге катышуу сунуштарынан баш тартып, өзүнүн мекенин – Кыргызстанды гана даңазалагысы келет. Дарья сыймыктануу менен өзүн кыргыз кызымын дейт.




Дарья Маслова ар бир адам ийгиликке жете алат деп ишенет. Эң башкысы, тандаган ишиңди өтө жакшы көрүү керек. Анын машыктыруучусу айткандай, ийгиликтин токсон пайызы – күн сайын кылган эмгектин үзүрү. Ал эми он пайызы – ата-энеден мурасталган табигый шык-жөндөм.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Елена Молчанова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
www.commons.wikimedia.org

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли